«САПАТТУУ БИЛИМ» БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫН ЖАНА ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ

АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ОРГАНИЗАЦИЙ И ПРОГРАММ «САПАТТУУ БИЛИМ»

AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL ORGANIZATIONS AND PROGRAMS «SAPATTUU BILIM»

# КОРУТУНДУ

## 230109 «Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо» программасынын ишмердүүлүгүнө тышкы баа берүүнүн жыйынтыктары боюнча

**Отчеттун акыркы редакциясы алынган күн**

**2025-жылдын 5-апрели**

**Тышкы баалоонун (визиттин) датасы**

**2025-жылдын 3-4-апрели**

**Бишкек, 2025 - ж**

## КИРИШҮҮ БӨЛҮМҮ

***1.1 Эксперттик топтун курамы жөнүндө маалыматтар ("Сапаттуу Билим" агенттигинин 2025-жылдын 17-мартындагыү № 90-03/25 буйругунун негизинде)***

**1) Эксперттик топтун жетекчиси**

| № | Аталышы | Баяндоо |
|---|---|---|
| **1** | Толук аты (толугу менен) | Баракова Жыргалбубу Токтобековна |
| **2** | Экспертиза жүргүзүү учурунда ээлеген кызматы жана иштеген жери | Кыргыз Республикасынын Эл аралык университетинин «Программалык инженерия» кафедрасынын доценти |
| **3** | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий даража же наам (бар болсо)) | Новосибирск мамлекеттик университети, «Колдонмо математика», техника илимдеринин кандидаты, доцент |
| **4** | Көз карандысыз эксперт катары иш тажрыйбасы: бар / жок | бар |
| **5** | Эксперттин колу | |

**2) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | Аталышы | Баяндоо |
|---|---|---|
| **1** | Толук аты (толугу менен) | Манапбаев Исраил Калыбаевич |
| **2** | Экспертиза жүргүзүү учурунда ээлеген кызматы жана иштеген жери | Кыргыз Республикасынын Эл аралык университетинин «Программалык инженерия» кафедрасынын башчысы |
| **3** | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий даража же наам (бар болсо)) | Киев политехникалык институту, «Инженер-конструктор-технолог», техника илимдеринин кандидаты |
| **4** | Көз карандысыз эксперт катары иш тажрыйбасы: бар / жок | жок |
| **5** | Эксперттин колу | |

**3) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | Аталышы | Баяндоо |
|---|---|---|
| **1** | Толук аты (толугу менен) | Тагаева Сабина Базарбаевна |
| **2** | Экспертиза жүргүзүү учурунда ээлеген кызматы жана иштеген жери | И. Раззаков атындагы КМТУнун Колдонмо математика жана информатика кафедрасынын доценти |
| **3** | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий даража же наам (бар болсо)) | Ж. Баласагын атындагы КМУ, «Математика», физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент |
| **4** | Көз карандысыз эксперт катары иш тажрыйбасы: бар / жок | бар |
| **5** | Эксперттин колу | |

**4) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | Аталышы | Баяндоо |
|---|---|---|
| **1** | Толук аты (толугу менен) | Омуркулова Гульмира Кадырбердиевна |
| **2** | Экспертиза жүргүзүү учурунда ээлеген кызматы жана иштеген жери | И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин доценти, Экономика жана бизнес боюнча жогорку мектеп |
| **3** | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий даража же наам (бар болсо)) | МАУПФБ, «Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит» экономика илимдеринин кандидаты, доцент |
| **4** | Көз карандысыз эксперт катары иш тажрыйбасы: бар / жок | Бар |
| **5** | Эксперттин колу | |

**5) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | Аталышы | Баяндоо |
|---|---|---|
| **1** | Толук аты (толугу менен) | Исмаилова Наргиза Ризвановна |
| **2** | Экспертиза жүргүзүү учурунда ээлеген кызматы жана иштеген жери | Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин А. Асанов атындагы Менеджмент жана бизнес институту, «Логистика» билим берүү программасынын жетекчиси |
| **3** | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий даража же наам (бар болсо)) | Кыргыз-Өзбек университети, Каржы-экономика факультети, «Экономика жана ишкананы башкаруу», экономика илимдеринин кандидаты, доцент |
| **4** | Көз карандысыз эксперт катары иш тажрыйбасы: бар / жок | бар |
| **5** | Эксперттин колу | |

**6) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | Аталышы | Баяндоо |
|---|---|---|
| **1** | Толук аты (толугу менен) | Кыдыралиев Данил Сейденалиевич |
| **2** | Экспертиза жүргүзүү учурунда ээлеген кызматы жана иштеген жери | Кыргыз Республикасынын Архитекторлор союзунун мүчөсү, союздун башкармалыгынын мүчөсү, И. Раззаков атындагы КМТУнун доценти, Бишкек архитектура жана курулуш менеджменти колледжинин «Архитектуралык чөйрөнү долбоорлоо» кафедрасынын башчысы |
| **3** | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий даража же наам (бар болсо)) | Фрунзе политехникалык институту, «Архитектура» |

| | | |
|---|---|---|
| **4** | Көз карандысыз эксперт катары иш тажрыйбасы: бар / жок | бар |
| **5** | Эксперттин колу | |

**7) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | Аталышы | Баяндоо |
|---|---|---|
| **1** | Толук аты (толугу менен) | Касымкулова Чинара Амангельдиевна |
| **2** | Экспертиза жүргүзүү учурунда ээлеген кызматы жана иштеген жери | А. Токтоналиев атындагы Бишкек каржы-экономикалык техникалык колледжинин сапат менеджменти системасы жана методикалык иштери боюнча жетекчиси |
| **3** | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий даража же наам (бар болсо)) | Кыргыз мамлекеттик улуттук университети, «Соодадагы экономика жана башкаруу», «Экономист» |
| **4** | Көз карандысыз эксперт катары иш тажрыйбасы: бар / жок | бар |
| **5** | Эксперттин колу | |

**8) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | Аталышы | Баяндоо |
|---|---|---|
| **1** | Толук аты (толугу менен) | Курманалиев Тенгиз Эсенгулович |
| **2** | Экспертиза жүргүзүү учурунда ээлеген кызматы жана иштеген жери | «ДАНПЛА» ЖЧКсынын директорунун орун басары |
| **3** | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий даража же наам (бар болсо)) | Арабаев атындагы КМУ, «Тарыхчы-укук таануучу» |
| **4** | Көз карандысыз эксперт катары иш тажрыйбасы: бар / жок | жок |
| **5** | Эксперттин колу | |

**9) Эксперттик топтун мүчөсү**

| № | Аталышы | Баяндоо |
|---|---|---|
| **1** | Толук аты (толугу менен) | Кольбаев Данияр Алмазович |
| **2** | Экспертиза жүргүзүү учурунда ээлеген кызматы жана иштеген жери | |
| **3** | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий даража же наам (бар болсо)) | А. Салымбеков атындагы Эл аралык IT жана бизнес колледжинин 4-курсунун студенти |
| **4** | Көз карандысыз эксперт катары иш тажрыйбасы: бар / жок | бар |
| **5** | Эксперттин колу | |

**10) референт**

| № | Аталышы | Баяндоо |
|---|---|---|
| **1** | Толук аты (толугу менен) | Абдикеримова Жибек Токтобаевна |
| **2** | Экспертиза жүргүзүү учурунда ээлеген кызматы жана иштеген жери | «Сапаттуу Билим» агенттигинин директорунун орун басары |
| **3** | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий даража же наам (бар болсо)) | М. В. Ломоносов атындагы ММУти, “Журналистика”. Саясий илимдердин кандидаты, доцент. |
| **4** | Көз карандысыз эксперт катары иш тажрыйбасы: бар / жок | бар |
| **5** | Эксперттин колу | |

## МАЗМУНУ

I. БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ......................................7
2. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ.....................7
2.1. Тышкы баалоо (визит) тууралуу маалымат...........................................................7
II. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ БОЮНЧА ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО ОТЧЕТУН ТАЛДОО 11
2.1. Эксперттин аткарылбаган сунуштарын көрсөтүү менен отчеттун акыркы редакциясын талдоо.............................................................................................11
3.2. Билим берүү программасынын "Сапаттуу Билим" стандарттарына шайкештигин талдоо...................................................................................................12
III. Тышкы эксперттик комиссиянын визитин баяндоо................................................13
IV. АККРЕДИТАЦИЯНЫН СТАНДАРТТАРЫНА ШАЙКЕШТИГИ............................19
Стандарт 1. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү жана мониторинг жүргүзүү боюнча................................................................................................19
Стандарт 2. Кабыл алуу жана окуунун жыйынтыктарын таануу боюнча.........................19
Стандарт 3. Жеке өзгөчөлүктөргө багытталган окутуу жана студенттердин жетишкендиктерин баалоо боюнча......................................................................20
Стандарт 4. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал боюнча.................................20
Стандарт 5. Материалдык жана маалыматтык ресурстар боюнча..................................20
Стандарт 6. Маалымат жана коомчулукка жеткирүү боюнча..........................................21
4.БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН АККРЕДИТАЦИЯ СТАНДАРТТАРЫНА ШАЙКЕСТИГИ.......................................................................................................21
V. БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУНУН ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ЖАКШЫРТУУ БОЮНЧА СУНУШТАР...............................................22
VI. ЖЫЙЫНТЫК..........................................................................................24

## I. БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Бишкектеги компьютердик системалар жана технологиялар колледжинин (КОМТЕХНО) администрациясынын кайрылуусуна ылайык, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» 2023-жылдын 11-августундагы мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы №246 токтомунун негизинде (билим берүү тармагындагы аккредитация боюнча ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө), «Сапаттуу Билим» агенттигинин эксперттик комиссиясы 2025-жылдын 17-мартындагы №90-03/25 буйругунун негизинде Бишкектеги компьютердик системалар жана технологиялар колледжинде (КОМТЕХНО) билим берүү программасы боюнча тышкы баалоо жүргүзгөн.

Программа: Шифр: 230109, багыты: «Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо »

- Билим берүү деңгээли — орто кесиптик билим берүү;
- Өзүн-өзү баалоо мөөнөтү: 10.01.25–20.03.25ж.
- Билим берүү уюмуна баруу даталары: 2025-жылдын 3–4-апрели

## 2. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

### 2.1. Тышкы баалоо (визит) тууралуу маалымат

Тышкы эксперттик комиссиянын визити 2025-жылдын 3–4-апрелинде Бишкектеги Компьютердик системалар жана технологиялар колледжине (КОМТЕХНО) баруу программасына ылайык жүргүзүлдү.

Колледждин ишмердүүлүгүн объективдүү баалоо үчүн тышкы эксперттик комиссиянын мүчөлөрү төмөнкү ыкмаларды колдонушту: визуалдык кароо, байкоо жүргүзүү, ар түрдүү түзүмдүк бөлүмдөрдүн кызматкерлери, окутуучулар, студенттер жана иш берүүчүлөр менен маектешүү, ошондой эле профессордук-окутуучулар курамы, администрация жана студенттер арасында анкеталоо.

Тышкы эксперттик комиссиянын максаттуу топтор менен жолугушуулары такталган визит программасына ылайык, белгиленген убакыттын ичинде өткөрүлдү. Колледж администрациясы визит программасында көрсөтүлгөн бардык адамдардын катышуусун камсыздады.

Визуалдык кароо учурунда колледждин окуу-тарбия процессин камсыздоого керектүү материалдык-техникалык базасы белгиленген талаптарга жооп берери аныкталды.

Колледждин материалдык-техникалык базасы жана социалдык инфраструктурасы студенттердин муктаждыктарын, ошондой эле орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын талаптарын канааттандырат.

**Позитивдүү учурлар:**

- заманбап жабдуулар менен камсыздалган окуу аудиториялары жана конференц-залдын болушу;
- интерактивдүү панелдер менен жабдылган окуу аудиториялары;
- тиешелүү жабдуулары менен камсыздалган медициналык пункттун болушу;
- интернетке туташкан компьютердик класстардын болушу ж.б.;
- студенттердин ар түрдүү спорт түрлөрү менен машыкканга мүмкүнчүлүк берген спорт комплекси;
- колледж иш-чаралары үчүн акт залынын болушу;
- ашкананын болушу;
- студенттердин өз алдынча окуу жана изилдөө иштерин аткарууга жардам берген заманбап китепкана фондунун (анын ичинде электрондук китепкана) жеткиликтүүлүгү.

Колледжде менчик жатакана жок, бирок Исакеев көчөсү №31 дарегиндеги жеке жатакана менен келишим түзүлгөн. КОМТЕХНОнун контингенти негизинен Бишкек шаарында жана ага жакын жайгашкан райондордо жашаган студенттерден турат, ошондуктан көпчүлүгү өспүрүмдөр болуп, туугандары менен жашашат.

Студенттерге илимий жана чыгармачыл ишмердүүлүк менен алектенүүгө мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Мисалы, колледжде керамика өнөрү боюнча кружоктор жана спорттук кружоктор иштейт. Студенттер ар кандай кесиптик сынактарга жана илимий-практикалык конференцияларга активдүү катышып келишет.

Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу куралы катары AVN маалыматтык системасы колледжде колдонулат. Окуу программалары боюнча маалыматтар колледждин расмий сайтында, социалдык тармактарда жана маалымат тактайларында жайгаштырылат:

- www.comtehno.kg
- comtehno.kg@gmail.com
- Facebook
- Instagram: comtehno.kg

Эксперттер өндүрүштүк практикага байланышкан кабинеттер менен таанышып, социалдык өнөктөштөрдөгү практиканын видео материалдарын көрүштү.

Тышкы эксперттик комиссия тарабынан 7 интервью жүргүзүлдү. Максаттуу топтор менен жолугушуулар программасына ылайык өттү.

**Директор менен жолугушууда** колледждин учурдагы иш багыттары, өнүгүү максаттары жана аккредитациядан өтүп жаткан программалар тууралуу маалымат берилди. Программаларды жаңылоо, иш берүүчүлөр менен байланыш, мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу, сапатты камсыздоо жана материалдык базаны жакшыртуу маселелери талкууланды.

**Иш берүүчүлөр менен жолугушууда** окуу программалары иш берүүчүлөрдүн сунушу менен жыл сайын жаңыланары белгиленди. Студенттердин теориялык даярдыгы жогору экени айтылып, практикага бөлүнгөн сааттарды жана тил үйрөнүү мүмкүнчүлүктөрүн көбөйтүү сунушталды. Жалпысынан студенттердин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү жогору деп бааланды.

**Ата-энелер менен жолугушуу** кайчылаш суроо-жооп форматында өтүп, балдарынын билим деңгээлине болгон канааттануусу белгиленди. Сунуш катары чет тилдерин тереңдетип окутуу жана материалдык базаны жакшыртуу айтылды.

**Бүтүрүүчүлөр менен маекте** алар окуу сапатына канааттанарын жана КОМТЕХНОнун тандашы туура болгонун белгилешти. Теориялык билимдер практиканын талаптарына дал келгенин, иш-чараларга активдүү катышканын айтышты.

**Административдик кызматкерлер** менен жолугушууда 10дон ашык тема талкууланып, академиялык көз карандысыздык, иш берүүчүлөр менен кызматташтык, профессордук-окутуучулар курамын өнүктүрүү, академиялык мобилдүүлүк жана профориентация маселелери көтөрүлдү.

**Профессордук-окутуучулар** курамы менен өткөрүлгөн интервью учурунда программалардын актуалдуулугу, материалдык-техникалык базанын жетиштүүлүгү, окутуучулардын активдүү катышуусу, бүтүрүүчүлөрдүн даярдык деңгээли жана академиялык мобилдүүлүк маселелери талкууланды.

**Студенттер менен болгон интервью** студенттердин билим берүү процессине активдүү тартылганын жана окутуунун студентке багытталганын көрсөттү. Студенттер анкеталар аркылуу өз ойлорун билдиришип, окуу мазмунун өзгөртүү боюнча сунуштарын беришет. Практика колледж тарабынан тандалган ишканаларда өтөт, бирок студенттер өздөрү да практика базаларын сунуштай алышат. Колледж бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусуна жана жогорку окуу жайларда билим улантуусуна көмөк көрсөтөт.

Колледждин расмий сайты кыргызча жана орусча тилдерде иштейт, келечекте англисче версиясы да ишке киргизилмекчи. AVN маалыматтык системасы сайтка интеграцияланган.

**Практика базаларынын видеотасмалары төмөнкү ишканалардан тартылган:**

1. **Codify Academy**
2. **ОсОО "Be One"**
3. **ОсОО "1С-Като Экономикс"**
4. **WOW Production**

Практикалык окутуу талаптарга жооп берген ишканаларда жүргүзүлөт жана эмгек рыногуна ылайык келчү компетенцияларды өнүктүрүүгө багытталган.

Аккредитация процедурасынын алкагында электрондук анкета жүргүзүлүп, ага жалпы 80 адам катышкан

**Жыйынтыктар:**

• Профессордук-окутуучулар курамы билим берүү процессин башкарууга жана өнүктүрүүгө катышып жаткандыгына, коллективдеги психологиялык климатка жана окуу жайдын имиджине канааттанат.

• Студенттердин канааттануусу боюнча:

- 70% — окуу материалдары толук жеткиликтүү
- 40% — күн бою интернет акысыз жеткиликтүү
- 85% — практика уюштурулушуна доо жок
- 80% — окуу процесси толук канааттандырат
- 60% — окутуучулар чыгармачыл жана активдүү
- 80% — китепкана жетиштүү жабдылган

Жалпысынан анкета жыйынтыктары студенттер колледждин ишмердүүлүгүнө канааттануу көрсөтүп жатышканын көрсөттү.

Эксперттер планда каралгандай сабактарга катышышты

| № | Аудитория | Сабактын аталышы | Топ | Окутуучунун аты-жөнү | Кызматы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 426 | Дискреттик математика | ПОВТ-4-23, ПОАС-4-23 | Кененбаева Г. М. | д.и.н., профессор |
| 2 | 1/116 | Электротехника | ПОАС-1-23, АСОИ-1-23 | Садыков М. А. | ф.-м.и.н., профессор м.а. |
| 3 | 403 | Программалоо тили (Kotlin) | ПОАС-2-24 | Исхакова Г. А. | ага окутуучу |
| 4 | 402 | Программалык-аппараттык бөлүктү иштеп чыгуу (Backend) | ПОАС-1-24 | Каримов Э. Р. | окутуучу |
| 5 | 406 | Информатизациялоонун техникалык каражаттары | ПОАС-2-23 | Тилекматов Ж. М. | окутуучу |
| 6 | 411 | Математика | ПИМ-1-24 | Сариева Ф. С. | ага окутуучу |
| 7 | 404 | Бухгалтердик эсеп (милдеттенмелер жана капитал) | ЭУБ-1-23 | Алтыбаева Ш. И. | ага окутуучу |
| 8 | 413 | Экономика, менеджмент жана маркетинг негиздери | ЭУБД-1-24 | Абдыкулова А. А. | ага окутуучу |
| 9 | 342 | Материал таануу | ДПО-2-23 | Исенбаева А. Б. | доцент м.а. |
| 10 | 316 | Креативдүү ишкердик негиздери | ПОВТ-2-23 | Жумаматова Г. К. | ага окутуучу |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 11 | 2-корпус, 2/215 | Композиция негиздери | ДПО-1-23 | Абдиев А. Ш. | ага окутуучу |
| 12 | 303 | Үч өлчөмдүү долбоорлоо (3D Max) | ДПО-2-22 | Жолдошбек у И. | ага окутуучу |

Сабактардын жүрүшүндө окутуучулар темага байланыштуу жогорку деңгээлдеги билимдерин көрсөтүштү. Үйрөнгөн материалды бекемдөө процессинде окутуучунун да, студенттердин да аракетинде логика жана ырааттуулук байкалды. Тапшырмалардын татаалдыгы артып бара тургандай тандап берилген. Тапшырмалардын формулировкалары студенттерге түшүнүктүү болду. Окутуучулардын сөзү так жана ишенимдүү болду.

Натыйжада, окутуучу койгон максаттарга жетишилди.

Практика базаларынын көрүлүшү, иш берүүчүлөр жана бүтүрүүчүлөр менен болгон маектер, окутуучулар жана студенттерди анкеталоо иштери визиттин графигине жана аккредитацияланып жаткан билим берүү программаларынын адистигине ылайык өткөрүлдү.

## II. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ БОЮНЧА ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО ОТЧЕТУН ТАЛДОО

### 2.1. Эксперттин аткарылбаган сунуштарын көрсөтүү менен отчеттун акыркы редакциясын талдоо

**Стандарт 1. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү жана мониторинг жүргүзүү**

| Эксперттин сунушу | Ишке ашырылышы |
|---|---|
| Иш берүүчүлөрдүн катышуусунда өткөн тегерек столдун жыйынтыгы боюнча окуу планына киргизилген жаңы дисциплиналарды отчетто чагылдыруу. | аткарылган |
| Сунуштарды эске алуу менен отчетту тактоо. | аткарылган |

**Стандарт 2. Окууга кабыл алуу жана билим алуу жыйынтыктарын таануу**

| Эксперттин сунушу | Ишке ашырылышы |
|---|---|
| Тандалган тармак боюнча стажировкалардын өтүү күндөрүн жана максатын көрсөтүү | аткарылган |
| Сунуштарды эске алуу менен отчетту тактоо | |

**Стандарт 3. Жеке өзгөчөлүктөргө багытталган окутуу жана студенттердин билим жетишкендиктерин баалоо**

| Эксперттин сунушу | Ишке ашырылышы |
|---|---|
| Акыркы 5 жыл ичинде «Автоматташтырылган | аткарылган |

| | |
|---|---|
| системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо» багыты боюнча студенттердин кыймылын көрсөтүү | |
| Акыркы бүтүрүү жылына карата жумуш менен камсыз болгон бүтүрүүчүлөр тууралуу маалымат берүү (мүмкүн болсо, фамилиялары менен) | жарым-жартылай аяктады |
| Берилген сунуштарды эске алуу менен отчетту оңдолсун | |

**СТАНДАРТ 4. Педагогикалык жана тарбиялык көмөкчү кызматкерлер.**

| Эксперттин сунушу | Ишке ашырылышы |
|---|---|
| Эскертүүлөр жок | - |
| Көрсөтүлгөн сунуштарды эске алуу менен отчетту оңдоо | аткарылган |

**СТАНДАРТ 5. Материалдык жана маалыматтык ресурстар**

| Эксперттин сунушу | Ишке ашырылышы |
|---|---|
| Эскертүүлөр жок | |

**СТАНДАРТ 6. Маалымат жана коомчулукка жеткирүү**

| Эксперттин сунушу | Ишке ашырылышы |
|---|---|
| IT компанияларынан бүтүрүүчүлөр боюнча так пикирлерди рейтинг менен көрсөтүү | жарым-жартылай аткарылган |
| Сунуштарды эске алуу менен отчетту тактоо | аткарылган |

### 3.2. Билим берүү программасынын "Сапаттуу Билим" агенттигинин стандарттарына шайкештигин талдоо

#### 3.2.1. Программалык аккредитация үчүн SWOT-талдоо

| S (Strength) – Күчтүү жактар (ички позитивдүү факторлор) | W(weakness)- Алсыз жактар (ички негативдүү факторлор) |
|---|---|
| • Студенттерге билим берүү программасынын билим алуу багытын тандоодо колдоо көрсөтүү (иш берүүчүлөр менен жолугушуулар, анкеталоо аркылуу окуу процессин оңдоо);<br>• Куратордук иш жана психологиялык колдоо студенттерге окуу процесси менен ийгиликтүү интеграциялануучуга жардам берет;<br>• Баалоо критерийлери жана ыкмалары так белгиленип, студенттер үчүн жеткиликтүү;<br>• Академиялык мобилдүүлүк программалары жана дуалдык окутуу студенттердин кесиптик мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет;<br>• Жогорку окуу жайларынан окутуучуларды тартуу билим берүү программасынын сапат | • Бүтүрүүчүлөрдүн даярдыгына иш берүүчүлөрдүн канааттануусу боюнча статистика жок;<br>•Бүтүрүүчүлөр иштеген к компаниялар, тармактар так көрсөтүлгөн эмес, бул билим берүү программасынын эмгек рыногундагы суроо-талаптуулугун баалоону кыйындатат;<br>• Окутуучулардын стажировкалары студенттердин билим алуу сапатына тийгизген таасири боюнча кеңири маалымат жок; |

| | |
|---|---|
| деңгээлин жогорулатат;<br>• Окуу-методикалык базанын деңгээли жогору;<br>• Окутуучулар ишканаларда (мисалы, UlutSoft, Codify) жана чет өлкөлөрдө (Германия, Түркия) стажировкадан өтүшөт;<br>• Жакшы материалдык-техникалык база, заманбап программалык камсыздоо, мультимедиалык жабдуулар, 29776 китеп бирдигинен турган китепкана жана lib-intuit.online электрондук платформага жеткиликтүүлүк;<br>• КОМТЕХНО колледжи окуу процессин башкарууда, жетишкендиктерди көзөмөлдөөдө жана окуу материалдарын уюштурууда заманбап санариптик платформаларды (AVN, Moodle, Makalabox) колдонот;<br>• Иш берүүчүлөр менен интеграцияланган кызматташтык, тегерек столдорду өткөрүү, программаларды эмгек рыногунун талаптарына ылайыкташтыруу бүтүрүүчүлөрдүн суроо-талаптуулугун жогорулатат;<br>• Түрдүү заманбап педагогикалык технологиялар колдонулат;<br>• Билим берүү программасы боюнча үзгүлтүксүз тышкы жана ички мониторинг, көзөмөл жана талдоо жүргүзүлөт;<br>• Колледждин мамлекеттик статусу жана аккредитацияланган программасы атаандаштыкта артыкчылык болуп саналат. | • Ноутбуктардын (10 даана) жана принтерлердин (3 даана) саны аз, бул жогорку жүктөм учурунда жабдуулардын жетишсиздигине алып келиши мүмкүн. |

## III. Тышкы эксперттик комиссиянын визитин баяндоо

Сырткы эксперттик комиссиянын визити 2025-жылдын 3-4-апрелинде «Бишкектеги компьютердик системалар жана технологиялар колледжине» (КОМТЕХНО) баруу программасына ылайык жүргүзүлдү.

Колледждин ишмердүүлүгүн объективдүү баалоо үчүн сырткы эксперттик комиссиянын мүчөлөрү визуалдык кароо, байкоо, ар кандай түзүмдүк бөлүмдөрдүн кызматкерлери, окутуучулар, студенттер жана иш берүүчүлөр менен маектешүү, педагогикалык курамды, администрацияны жана студенттерди анкеталоо сыяктуу ыкмаларды колдонушту. Сырткы эксперттик комиссиянын максаттуу топтор менен жолугушуулары такталган визит программасына ылайык, белгиленген убакыттын ичинде өттү.»

Колледж администрациясы визит программасында көрсөтүлгөн бардык адамдардын катышуусун камсыздады.

Визуалдык кароо маалында сырткы эксперттик комиссия окуу-тарбия процессин камсыздоо үчүн зарыл болгон бардык материалдык-техникалык базанын талапка ылайык экендигин аныктаган.

Колледждин визуалдык кароосунун жыйынтыгында КОМТЕХНОнун материалдык-техникалык базасы жана социалдык инфраструктурасы жалпы алганда билим алуучулардын муктаждыктарына жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарына жооп берери аныкталды.

**Позитивдүү жактары төмөнкүлөр болуп саналат:**

- заманбап жабдуулар менен жабдылган кабинеттер жана конференц-залдын болушу;
- интерактивдүү панелдер орнотулган окуу кабинеттеринин болушу;
- тийиштүү жабдуулар менен камсыздалган медпункттун болушу;
- интернетке туташкан компьютердик класстардын болушу ж.б.;
- спорт зал жана жабдуулар менен камсыздалган спорт комплекси, бул студенттерге ар түрдүү спорт түрлөрү менен машыгууга мүмкүнчүлүк берет;
- колледждин ар түрдүү иш-чараларын өткөрүүгө ылайыкталган акт залдын болушу;
- ашкананын болушу;
- студенттердин өз алдынча окуу жана изилдөө иштерин аткаруусу үчүн заманбап китепкана фонддорунун (анын ичинде электрондук китепкана) жеткиликтүүлүгү.

Колледжде өзүнүн жатаканасы жок, бирок турак жайга муктаж студенттер жашай ала турган Исакеев көчөсү, 31-дарегинде жайгашкан жеке жатакана менен келишим түзүлгөн. КОМТЕХНОнун контингентин негизинен Бишкек шаарында же ага жакын райондордо жашаган студенттер түзөт. Алардын көбү жашы жете элек болгондуктан, туугандары менен жашашат.

Колледждин студенттерине илимий-чыгармачылык ишмердүүлүк менен алектенүүгө шарттар түзүлгөн. Мисалы, керамика өнөрү боюнча ийримдер жана спорттук ийримдер иштейт. Колледждин студенттери ар кандай кесиптик чеберчилик сынактарына жана илимий-практикалык конференцияларга активдүү катышып келишет.

Билим берүүнүн сапатын камсыздоонун куралдарынын бири катары колледжде AVN маалыматтык системасы ишке киргизилген.

Окутула турган билим берүү программалары тууралуу маалымат колледждин расмий сайтында, социалдык тармактарда жана маалыматтык стенддерде жайгаштырылат.

сайт КОМТЕХНО: www.comtehno.kg

Почта: comtehno.kg@gmail.com

Facebook: comtehno.kg

Instagram: «comtehno.kg»

Эксперттер жумуш ордундагы окутуу үчүн каралган жайлар, компьютердик класстар менен таанышышты жана социалдык өнөктөштөрдөгү практика өтүүчү жайлар боюнча видеороликтерди көрүштү.

Сырткы эксперттик комиссия тарабынан 7 маектешүү өткөрүлдү. Максаттуу топтор менен жолугушуулар визит программасына ылайык өткөрүлдү.

Директор менен болгон жолугушууда эксперттик топ колледждин ишмердүүлүгүнүн актуалдуу багыттары, өнүгүү максаттары жана пландары, анын ичинде аккредитациядан өтүп жаткан билим берүү программалары менен таанышты. Билим берүү программаларын жаңыртуу, иш берүүчүлөр менен кызматташуунун мааниси, окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу, сапатты камсыз кылуу, материалдык-техникалык база жана инфраструктураны жакшыртуу маселелери талкууланды.

Иш берүүчүлөр менен болгон маекте билим берүү программалары жыл сайын алардын талаптарына ылайык актуалдаштырылары белгилүү болду (жолугушуулар жана практика өтүү аркылуу байланыш түзүлөт). Практика өтүп жаткан студенттердин теориялык даярдыгы жогору экени айтылды. Ошол эле учурда, билим сапатын жогорулатуу максатында практика өтүү сааттарын көбөйтүү жана тил үйрөнүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү сунушталды. Жалпысынан, социалдык өнөктөштөр колледждин студенттеринин жогорку атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн белгилешти.

Ата-энелер менен болгон жолугушууда кайчылаш суроо-жооп ыкмасы колдонулуп, жалпы 10 чакты суроо берилди. Ата-энелер билим берүүнүн сапатына канааттануусун билдиришти. Ошондой эле профессордук-окутуучулар курамы жана администрация студенттердин ар тараптуу өнүгүүсүнө кызыкдар экени белгиленди. Сунуш катары чет тилдерди тереңдетип окутуу жана материалдык-техникалык базаны жакшыртуу айтылды.

Бүтүрүүчүлөр менен болгон маектешүүлөр билим берүү программаларынын ишке ашырылыш сапатына болгон ыраазычылыкты көрсөттү. Алар билим берүү программасын аң-сезимдүү тандашканын жана окуу процесси күтүүлөрүнө жооп бергенин баса белгилешти. Ошондой эле, бүтүрүүчүлөр илимий-практикалык конференцияларга, сынактарга жана көргөзмөлөргө активдүү катышканын, окутуучулардын кесипкөйлүгү жогору экенин белгилешти. Колледжде түзүлгөн шарттар студенттердин муктаждыктарына жооп берет. Практика өтүүдө олуттуу кыйынчылыктар болгон эмес, жана алынган теориялык билимдер иш берүүчүлөрдүн талаптарына шайкеш келген.

Жогорку жана орто звено административдик-башкаруучу персонал менен болгон жолугушууга катышуу 100% камсыздалды. Жолугушууда 10дон ашык ар түрдүү маселе көтөрүлүп, алардын ичинде академиялык өз алдынчалуулук, билим берүү мазмуну, жумуш берүүчүлөр менен кызматташтык, студенттердин практикасын уюштуруу жана

профессордук-окутуучулар курамын өнүктүрүү маселелери талкууланды. Колледжде жумуш берүүчүлөр менен туруктуу байланыш орнотулуп, бул багытта семинарлар өткөрүлүп турат.

Профессордук-окутуучулар курамын өнүктүрүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Бул иштер илимий, методикалык жана билим берүү ишмердүүлүгүн, анын сапатын баалоону, профориентациялык иш-чараларды, ошондой эле профессордук-окутуучулар курамы менен студенттердин академиялык мобилдүүлүгүн уюштурууну камтыйт. Жолугушууда профессордук-окутуучулар курамы калыптандыруу, илимий-изилдөө ишмердүүлүгү менен билим берүү процесси ортосундагы байланыш, социалдык тармактарды колдонуу менен профориентациялык ишмердүүлүк, студентке багытталган окутуу жана башка маселелер боюнча суроолор берилди жана кеңири талкуу жүргүзүлдү.

Профессордук-окутуучулар курамы менен болгон жолугушууга да (катышуучулардын 100% катышуусу камсыздалган) толук курам катышты. Интервью учурунда 20га жакын суроо берилди. Талкууланган негизги темаларга билим берүү программаларынын актуалдуулугу, билим берүү программаларынын материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү жана анын жетиштүүлүгү, профессордук-окутуучулар курамы менен кызыкдар стейкхолдерлердин билим берүү программаларын иштеп чыгууга катышуусу, бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапаты, профессордук-окутуучулар курамынын академиялык мобилдүүлүк программаларына катышуусу кирди.

Студенттер менен болгон маекте да (катышуучулардын 100% катышуусу камсыздалган) колледжде студентке багытталган окутуу ишке ашырылып жатканы белгилүү болду. Анкеталоо жолу менен студенттер билим берүү программаларынын мазмуну жана сапатына болгон канааттануусун билдирүүгө мүмкүнчүлүк алышат. Ошондой эле алар өз каалоолорун билдирип, программаларга же айрым курстарга өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштарын айта алышат. Сабак өтүү маалында профессордук-окутуучулар курамы интерактивдүү окутуу формаларын жана инновациялык окутуу технологияларын колдонушат. Практикалык даярдык колледж тарабынан тандалган практика базаларында өтөт, ошол эле учурда студенттер өз алдынча да практика өтүүчү жай сунуштай алышат. Колледж бүтүрүүчүлөрдү жумушка орноштуруу же окуусун жогорку окуу жайларда улантууга көмөктөшүү боюнча колдоо көрсөтөт.

Колледждин расмий сайты эки тилде – кыргызча жана орусча – иштейт жана келечекте англис тилин кошуп, үч тилдүү кылуу пландалууда. Бул сайт колледждин ишмердүүлүгү жана жетишкендиктери жөнүндө кызыкдар тараптарды маалымат менен камсыз кылуунун негизги каналдарынын бири болуп саналат. Ошону менен катар, сайтка AVN маалыматтык системасы орнотулган.

Визит учурунда эксперттер төмөнкү практика базалары боюнча видеороликтерди көрүштү:

1. Codify Academy
2. ОсОО Be One
3. ОсОО "1С-Като Экономикс" ЭБУ
4. WOW Production

Практика базаларын текшерүү учурунда, практикалык окутуу билим берүү жана жумушчу окуу программаларынын талаптарына жооп берүү үчүн ишканаларда жана уюмдарда өткөрүлөт. Бул, өз кезегинде, эмгек рыногундагы талаптарга ылайык келүүчү компетенцияларды өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Аккредитация процедурасына ылайык, окутуучулар жана студенттер арасында электрондук анкеталоо жүргүзүлдү. Анонимдүү анкеталоого жалпы 80 респондент катышты. Эмгек шарттарына канааттануу деңгээлин анализдөө төмөнкүдөй жыйынтыктарды көрсөткөн:

Окутуучулар билим берүү процессин иштеп чыгуу жана башкарууга катышуу, өз потенциалын өнүктүрүү, жамааттагы психологиялык климат жана окуу жайдын жалпы имиджи боюнча канааттанган.

Атайын критерийлер боюнча баалоо жүргүзүлүп, анкета "Студенттердин билим берүү уюмуна болгон канааттануусу" боюнча жүргүзүлгөн. Анонимдүү анкеталоого катышкан студенттердин саны – 67 адам.

Анкеталардын жыйынтыгы төмөнкүдөй:

**Суроо: «Сиз ар түрдүү маалыматтык колдонмолор, окуу китептери менен камсыздалгансызбы?»**

– 70 %: «Ооба, 100% камсыздалганбыз»

– 20 %: «Бардык китептер жок»

– 10 %: «Камсыздоо жетишсиз»

**Суроо: «Колледжде студенттер үчүн интернет жеткиликтүүбү?»**

– 40 %: «Интернет күн бою эркин жана акысыз»

– 30 %: «Жалгыз гана компьютердик класстардагы сабактар учурунда жеткиликтүү»

**Суроо: «Сизди практиканы  уюштуруу жана өткөрүү канааттандырабы?»**

– 85 %: «Эч кандай олуттуу доомат жок»

**Суроо: «Окуу процессинин ар кандай жактарына канааттанасызбы?»**

– 80 %: «Толук канааттанам»

– 20 %: «Жарым-жартылай канааттанам»

**Суроо: «Окутуучулар сабак учурунда чыгармачыл жана активдүү болушабы?»**
– 60 %: «Окутуучулардын көбү»

**Суроо: «Окуу процессинин маалыматтык камсыздалышы сизди канааттандырабы?»**

– 80 %: «Китепканада зарыл окуу адабияты бар»

– 25 %: «Окуу процессинде колдонулган компьютерлердин саны»

– 20 %: «Окуу залындагы орундардын саны»

Жүргүзүлгөн анкеталоонун жыйынтыктары студенттер колледждин ишмердүүлүгүнө толук канааттануусун билдиргенин көрсөттү.

Жумуш планына ылайык, эксперттер тарабынан сабактарга катышуу уюштурулган.

| № | Аудитория | Сабактын аталышы | Топ | Окутуучунун аты-жөнү | Кызматы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 426 | Дискреттик математика | ПОВТ-4-23, ПОАС-4-23 | Кененбаева Г. М. | д.и.н., профессор |
| 2 | 1/116 | Электротехника | ПОАС-1-23, АСОИ-1-23 | Садыков М. А. | ф.-м.и.н., профессор м.а. |
| 3 | 403 | Программалоо тили (Kotlin) | ПОАС-2-24 | Исхакова Г. А. | ага окутуучу |
| 4 | 402 | Программалык-аппараттык бөлүктү иштеп чыгуу (Backend) | ПОАС-1-24 | Каримов Э. Р. | окутуучу |
| 5 | 406 | Информатизациялоонун техникалык каражаттары | ПОАС-2-23 | Тилекматов Ж. М. | окутуучу |
| 6 | 411 | Математика | ПИМ-1-24 | Сариева Ф. С. | ага окутуучу |
| 7 | 404 | Бухгалтердик эсеп (милдеттенмелер жана капитал) | ЭУБ-1-23 | Алтыбаева Ш. И. | ага окутуучу |
| 8 | 413 | Экономика, менеджмент жана маркетинг негиздери | ЭУБД-1-24 | Абдыкулова А. А. | ага окутуучу |
| 9 | 342 | Материал таануу | ДПО-2-23 | Исенбаева А. Б. | доцент м.а. |
| 10 | 316 | Креативдүү ишкердик негиздери | ПОВТ-2-23 | Жумаматова Г. К. | ага окутуучу |
| 11 | 2-корпус, 2/215 | Композиция негиздери | ДПО-1-23 | Абдиев А. Ш. | ага окутуучу |
| 12 | 303 | Үч өлчөмдүү долбоорлоо (3D Max) | ДПО-2-22 | Жолдошбек у И. | ага окутуучу |

Сабактардын жүрүшүндө окутуучулар сабактын темасы боюнча терең билимдерин көрсөтүштү. Үйрөнүлгөн материалды бекемдөө процессинде окутуучунун да, студенттердин да аракетинде логика жана ырааттуулук байкалган. Тапшырмалар татаалдыгы жагынан акырындап жогорулагандай тандалган. Тапшырмалардын формулировкалары студенттер үчүн түшүнүктүү болгон. Окутуучулардын сөзү так жана ишенимдүү болду.

Жыйынтыгында, окутуучу тарабынан коюлган максаттарга жетишилди.

Практика базаларын кароо, жумуш берүүчүлөр жана бүтүрүүчүлөр менен маектер, окутуучулар жана студенттерди анкеталоо визит графигине жана аккредитациядан өтүп жаткан билим берүү программасынын адистигине ылайык жүргүзүлдү.

## IV. АККРЕДИТАЦИЯНЫН СТАНДАРТТАРЫНА ШАЙКЕШТИГИ

### Стандарт 1. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү жана мониторинг жүргүзүү боюнча.

230109 «Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо» адистиги боюнча билим берүү программасы Педагогикалык кеңеш тарабынан бекитилген жана билим берүү уюмунун сайтында жарыяланган билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатына ээ. Бул саясатта миссия, стратегиялык жана учурдагы пландар, билим берүү максаттары, окутуунун жыйынтыктары жана ишке ашырылып жаткан программалар менен процесстердин сапатын баалоо критерийлери каралган. Программа ар түрдүү практика түрлөрүн (окуу, өндүрүштүк, квалификацияга чейинки) камтыйт жана 73 уюм менен кызматташат. Студенттер реалдуу иш тажрыйбасын алып, эмгек рыногундагы атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатышат.

**Эскертүүлөр жок.**

**Сунуш:**

▪ Студенттердин даярдыгынын сапатын баалоо үчүн жумуш берүүчүлөрдү үзгүлтүксүз сурамжылоо.

**Жыйынтык:** Стандарт 1 толук шайкеш келет.

### Стандарт 2. Кабыл алуу жана окуунун жыйынтыктарын таануу боюнча.

Программанын максаттары, милдеттери жана жыйынтыктары мамлекеттик билим берүү стандартына жана адистиктин миссиясына шайкеш келет. Бардык кызыкдар тараптардын пикирлери, кызыкчылыктары жана сунуштары эске алынган.

230109 «Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо» адистиги боюнча билим берүү программасы кесиптик стандартка негизделип түзүлгөн жана жумуш берүүчүлөрдүн талаптарын, мамлекеттик билим берүү стандарттарын эске алат. Программа кабыл алуунун ачыктыгын, окутуунун ийкемдүүлүгүн жана жыйынтыктоочу аттестациянын сапатын камсыздайт.

**Эскертүүлөр жок.**

**Сунуш:**

• Бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруу жана жумуш берүүчүлөрдүн канааттануусу боюнча мониторингди кеңейтүү.

**Жыйынтык:** Стандарт 2 толук шайкеш келет.

**Стандарт 3. Жеке өзгөчөлүктөргө багытталган окутуу жана студенттердин жетишкендиктерин баалоо боюнча.**

Студенттердин индивидуалдуу жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө керектүү шарттар түзүлгөн. Программа окутуунун ийкемдүүлүгүн, ачыктыгын жана сапатын камсыздоо менен стандарттарга жогорку деңгээлде шайкеш келет.

**Эскертүүлөр жок.**

**Сунуштар:**

• Студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн канааттануусуна, жумуш берүүчүлөр менен кайтарым байланыштын негизинде, мониторингди күчөтүү;

• Ишке орношуу жана академиялык мобилдүүлүк программалары боюнча маалыматтарды кеңейтүү;

• Өзгөчө муктаждыктары бар студенттер үчүн техникалык жана методикалык колдоону күчөтүү.

**Жыйынтык:** Стандарт 3 толук шайкеш келет.

**Стандарт 4. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал боюнча.**

Билим берүү программасы жогорку квалификациялуу адистер менен камсыздалган, алар студенттерди даярдоодо бекем негиз түзүшөт. Окутуучулар кесиптик көндүмдөрүн системалуу түрдө IT-курстар аркылуу жогорулатышат, ошондой эле тармакта иштеген практик адистер менен биргеликте иш алып барышат. Окуу-көмөкчү кызматкерлер окуу процессин комплекстүү коштоп, окуу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүшөт.

**Эскертүүлөр жок.**

**Сунуш:**

▪ Партнёрлор тарабынан айына 1-2 конок лекцияларын уюштуруу (UlutSoft, Codify ж.б.).

**Жыйынтык:** Стандарт 4 толук шайкеш келет.

**Стандарт 5. Материалдык жана маалыматтык ресурстар боюнча.**

Материалдык-техникалык база заманбап талаптарга жооп берет. Компьютердик класстар, атайын лабораториялар, мультимедия жабдуулары жогорку деңгээлде практикалык даярдыкты камсыздайт. Санарип ресурстарга (электрондук китепкана, Moodle, Makalabox) жеткиликтүүлүк окутуунун актуалдуулугун камсыздайт. Видеобайкоо, медпункт жана ашкана студенттерге жана кызматкерлерге коопсуз жана ыңгайлуу шарттарды түзөт.

Хакатон, IT-компаниялардагы стажировкалар билим берүүнү реалдуу экономикалык сектор менен байланыштырууга жардам берет.

**Эскертүүлөр жок.**

**Сунуштар:**

• Студенттер үчүн ноутбук, планшет сыяктуу мобилдик түзмөктөрдүн санын көбөйтүү;

• Инклюзивдүү билим берүү программаларын ишке киргизүү: пандустар, адаптивдүү программалар жана өзгөчө муктаждыгы бар студенттер үчүн техникалык каражаттар менен камсыз кылуу.

**Жыйынтык:** Стандарт 5 толук шайкеш келет.

**Стандарт 6. Маалымат жана коомчулукка жеткирүү боюнча.**

Колледждин маалыматтык системасы заманбап талаптарга жооп берет. Сайттын үзгүлтүксүз жаңыланып турушу колледж менен абитуриенттер, студенттер жана ата-энелердин байланышын жакшыртат. Электрондук документ жүгүртүүсү, чат-группалар жана корпоративдик кат алмашуу аркылуу кайтарым байланыш системасы иштейт, бул студенттер менен окутуучулар  маселелерин ыкчам жана эффективдүү чечүүгө мүмкүндүк берет.

**Эскертүүлөр:**

▪ Социалдык тармактарда активдүүлүк аз – YouTube жана TikTok каналдарынын жазылуучулары аз, бул аудиторияны камтууну чектейт;

▪ Жумуш берүүчүлөрдүн жарыяланган рейтингдери же ийгиликтүү бүтүрүүчүлөрдүн кейстеринин жоктугу.

**Сунуш:**

▪ TikTok жана YouTube платформаларында жарнама кампанияларын баштап, студенттерди контент түзүүгө тартуу аркылуу социалдык тармактардагы активдүүлүктү арттыруу.

**Жыйынтык:** Стандарт 6 шайкеш келет.

## 4.БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН АККРЕДИТАЦИЯ СТАНДАРТТАРЫНА ШАЙКЕСТИГИ

| п/п | Стандарттар | Билим берүү программасын баалоо | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Толук шайкештик (3 балл) | Жарым-жартылай шайкештик (2 балл) | Шайкеш эмес (1 балл) |
| 1 | Стандарт 1. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү жана мониторинг жүргүзүү (7 критерий) | 21 | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2 | Стандарт 2. Кабыл алуу жана окуунун жыйынтыктарын таануу (4 критерий) | 12 | | |
| 3 | Стандарт 3. Жеке өзгөчөлүктөргө багытталган окутуу жана билим берүү жетишкендиктерин баалоо (7 критерий) | 21 | | |
| 4 | Стандарт 4. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал (6 критерий) | 18 | | |
| 5 | Стандарт 5. Материалдык жана маалыматтык ресурстар (5 критерий) | 15 | | |
| 6 | Стандарт 6. Маалымат жана коомчулукка жеткирүү (5 критерий) | 9 | 4 | |
| | **бардыгы болуп: 34 критерий** | **96** | **4** | |
| | **Жыйынтык балл:** | **100** | | |

**Жыйынтыгында: 102 балл**

**91ден 102 баллга чейин – 5 жылдык толук аккредитация**

79дан 90 баллга чейин – 3 жылдык шарттуу аккредитация

67ден 78 баллга чейин – 1 жылдык шарттуу аккредитация

66 баллдан төмөн – аккредитациядан баш тартуу

## V. БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУНУН ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ЖАКШЫРТУУ БОЮНЧА СУНУШТАР

1. Жумуш берүүчүлөр менен өз ара аракеттенүүнү жакшыртуу:

• Бүтүрүүчүлөрдүн даярдыгынын сапатын баалоо максатында үзгүлтүксүз сурамжылоолорду өткөрүү.

• Бүтүрүүчүлөрдүн жетишкендиктери жана ийгиликтүү окуяларын сайтта жана социалдык тармактарда жарыялоо.

2. Маалыматтык саясатты өнүктүрүү:

• Абитуриенттерди тартуу жана катышуучулукту жогорулатуу максатында YouTube жана TikTok социалдык тармактарындагы активдүүлүктү жогорулатуу.

• Колледждин окуяларын жана бүтүрүүчүлөрдүн жетишкендиктерин чагылдырган контентти студенттер менен биргеликте түзүү.

3. Бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштурууну мониторинг кылуу:

• Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу боюнча маалыматты системалаштыруу, анын ичинде иштеген компаниялар жана аткарган кызматтары боюнча маалыматтарды камтуу.

• Студенттердин даярдыгынын сапаты боюнча жумуш берүүчүлөрдөн кайтарым байланыштарды кеңейтүү.

4. Техникалык жабдылуу:

- Студенттер үчүн ноутбук жана планшеттердин санын көбөйтүү.
- Өзгөчө муктаждыктары бар студенттер үчүн жеткиликтүү чөйрөнү камсыз кылуу менен инклюзивдүү билим берүү программаларын ишке киргизүү.

5. Академиялык өнүгүү:

• Студенттердин кесиптик көз карашын кеңейтүү үчүн өнөктөш уюмдардан (мисалы, UlutSoft, Codify) конок лекцияларын уюштуруу.

• Окутуучулар жана студенттер үчүн академиялык мобилдүүлүк жана стажировка программаларын өнүктүрүүнү улантуу.

Бул чаралар билим берүү программасынын сапатын жогорулатууга жана анын эмгек рыногунун талаптарына ылайык болушуна шарт түзөт.

## VI. ЖЫЙЫНТЫК

230109 «Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо» билим берүү программасын тышкы баалоо учурунда Бишкектеги Компьютердик системалар жана технологиялар колледжинде (КОМТЕХНО) эксперттик топ 2025-жылдын 3–4-апрелинде баалоо жүргүздү. Эксперттик топтун курамы 10 адистен, анын ичинде жетекчи жана референттен турган. Баалоо процесси визуалдык кароо, администрация, окутуучулар, студенттер, жумуш берүүчүлөр жана ата-энелер менен маектер, ошондой эле анкеталоо сыяктуу ыкмаларды колдонуу менен өткөрүлдү.

Баалоо жыйынтыгында колледждин материалдык-техникалык базасы заманбап талаптарга жооп бергендиги белгиленди. Анын ичинде жабдылган компьютердик класстар, китепкана, спорт комплекси жана башка инфраструктуралык объектилер бар. Позитивдүү аспекттер катары жумуш берүүчүлөр менен активдүү кызматташтык, санариптик платформаларды колдонуу жана студенттерге окуу процессинде көрсөтүлгөн колдоо белгиленди. Ошол эле учурда, бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруу боюнча статистиканын жоктугу жана социалдык тармактардагы активдүүлүктүн төмөндүгү сыяктуу алсыз жактар да аныкталды.

Жалпысынан **колледж билим берүү программасын ишке ашырууга керектүү ресурстарга ээ, бирок бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуу мониторингин жана маалыматтык саясатты жакшыртууга муктаж.**

Бишкектеги компьютердик системалар жана технологиялар колледжинин (КОМТЕХНО) 230109 «Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо» программасы «Сапаттуу Билим» агенттигинин аккредитациялык стандарттарына толук жооп берет. Программа **төмөнкү күчтүү жактарды көрсөттү: заманбап материалдык-техникалык база, жогорку квалификациялуу окутуучулар курамы, жумуш берүүчүлөр менен активдүү кызматташтык жана окутууда санариптик платформаларды колдонуу. Баалоонун жыйынтыгында программа 100 балл алып, 5 жылдык толук аккредитация алууга мүмкүнчүлүк берет.**